КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЕДАЙЫМ ТАРМАГЫНДАГЫ АДИСТЕРДИН АССОЦИАЦИЯСЫ

HAI HEALTH ACTION INTERNATIONAL

## Операциялык процедуралардын стандарты:

# АЧКАРЫН ВЕНОЗДУК ПЛАЗМАДАГЫ ГЛЮКОЗАНЫ АНЫКТОО

*Бекитилди: КР ССМнын № 265 18.03.2025 буйругу*

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ | |
|---|---|
| **Документтин түрү** | Операциялык процедуралардын стандарттары (СОП) |
| **Документтин аталышы:** | Операциялык процедуралардын стандарты: **АЧКАРЫН ВЕНОЗДУК ПЛАЗМАДАГЫ ГЛЮКОЗАНЫ АНЫКТОО** |
| **Категориясы** | Клиникалык |
| **Версия** | 1 |
| **Авторлор** | «Медициналык айымдардын ассоциациясы» ЮЖБ |
| **Бекитилди** | КР ССМнын № 265 18.03.2025 буйругу |
| **Иштелип чыккан күнү** | 2025-ж. |
| **Жаңыланган күнү** | |
| **Жооптуу адамдын колу** | |

**Бишкек 2025**

# АЧКАРЫН ВЕНОЗДУК ПЛАЗМАДАГЫ ГЛЮКОЗАНЫ АНЫКТОО

**«Ачканын веноздук плазмадагы глюкозаны аныктоо»** стандарттык операциялык процедура эл аралык сунуштамалардын жана жергиликтүү ченемдик-методикалык документтердин негизинде иштелип чыккан.

## БАГЫТЫ:

СОП **ачкарын веноздук плазмадагы глюкозаны аныктоодо** медайымдардын, акушерлердин, фельдшерлердин ишти уюштуруу тартибин аныктайт. СОП көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын сапатын камсыздоо системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бардык адистердин иш-аракеттерин стандартташтырууга жана иш учурунда ката кетирүү тобокелдигин азайтууга багытталган.

## АТКАРУУ ҮЧҮН КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

Кесиптик инфекцияны алды алуу максатында ар кыл биологиялык суюктукту потенциалдуу мүнөздө инфекцияланган материал катары кароо зарыл жана аны алууда, ташып жеткирүүдө жана иштетүүдө тиешелүү эрежелерди сактоо абзел. Инфекция жуктуруп алышкан бейтаптардын биоматериалдары өзгөчө маркировкага ээ болуусу жана алар менен иш алып барууда этият болуу керек. ВИЧ-инфекциялуу бейтаптардан алынган бардык биоматериалдар «код 120» деген белги менен жөнөтүлүүгө тийиш.


СОП милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш, аткарылбай калуусу боюнча жүйөлүү себептер келтирилип, документтештирилип жана КР Саламаттык сактоо министрлиги менен макулдашылуусу зарыл. Зарылчылыгына жараша СОПтор кайрадан каралып чыгып, КР Саламаттык сактоо министрлигинин макулдашуусу боюнча өзгөртүлүшү мүмкүн.


**Ресурстар/жабдылышы:**

- вакуумдук пробиркалар (Вакутейнерлер) – дозаланган терс басымдуу пробиркалар, кан уюу активаторлорунун ар кыл варианттарынан, кан сары суусунун гелдик бөлүштүргүчтөн же кан плазмасын алуу үчүн стабилдештирүүчү кошулмадан турат.
- кош миздүү ийне же ийне көпөлөк;
- спирттелген салфетка
- ийне кармооч;
- желим же латекс мээлейлер, маска жгут, завод таңгагындагы антисептик сиңирилген салфетка;
- вакуумдук пробиркалар үчүн штатив;
- багыт, калем же маркер, штатив, анализди ташуу үчүн контейнер.

| | |
|---|---|
| **Процедурага даярдоо:** | 1. Акыркы ирет тамактангандан соң 12 сааттан кийин кан ачкарын учурда алынаары жана дары ичпей туруу керектиги тууралуу бейтапка эскертип коюу абзел. Ошондой эле кечки тамакта майлуу азык жегенге, тамеки чеккенге, ичимдик ичүүгө жана анализ тапшыраардын алдында тамак жегенге болбойт. Стресстен жана физикалык күч-аракеттерден алыс болуу абзел. Физиотерапия, УДИ, рентген өткөндөн кийин жана башка медициналык процедуралардан соң дароо кан тапшыруу жарабайт.<br>2. Эгерде анализди динамикада байкоо үчүн кайталоо керек болсо, анда аны бирдей шарттарда, мисалы бир эле лабораторияда, күндүн бир эле мезгилинде, аялдар үчүн менструалдык циклдин бир күнүндө тапшыруу зарыл (эгерде бул маанилүү болсо).<br>3. Бейтаптын медициналык картасы менен таанышып чыгыңыздар (эгерде бул зарыл болсо) жана бейтапта материалга карата (мисалы, латекс) каршы көрсөтмөлөрдүн же |

| | |
|---|---|
| | аллергиянын бар же жок экендигин аныктап алыңыздар.<br>4. Бардык зарыл материалдардын бар же жок экендигин текшериңиздер: стерилизацияланган бир жолу колдонулуучу мээлейлер, ийне, вакуумдук пробиркалар (эгерде колдонулса), стерилизацияланган кагаз майлыктар, антисептиктер, кебез шариктер жана марли.<br>5. Кан алуу үчүн шприц же вакуумдук системаны даярдап алыңыздар.<br>6. Колдонулуучу пробирка анализ түрүнө жооп береби же жокпу текшериңиз (антикоагулянт менен же ансыз). |
| **Процедураны аткаруу:** | 1. Бардык алгоритмдерди сактоо менен колду жууп-тазалоо<br>2. Зарыл жабдууларды даярдап алыңыздар<br>3. Венадан кан алуу.<br>4. Бейтаптан отургучка отуруусун өтүнүңүз. Колу подлокотникке коюлуп, ийининен билекке чейин түз сызык абалында жайгашкыдай кылыңыз. Ошондой эле кол кыймылдабагыдай абалда жана чыканактан бүгүлүп тургудай болсун.<br>5. Бет кат, мээлей кийиңиз.<br>6. Венепункция жасалуучу жерди тандап алып, жакшылап карап чыгыңыз.<br>– Сөөмөйүңүз менен веналардын багытын бир нече жолу пальпацияланыз жана байкаңыз.<br>– Эгерде үстүртөн веналарды табуу кыйын болсо, билектен чыканакка чейин укалоо жолу аркылуу венага келүүчү кан агымын көбөйтүүгө болот. Тандалган вена аймагын сөөмөй жана экинчи манжа менен бир нече жолу жеңил ургулоо тамырдын кеңейишине алып келет. Венага кандын ойдогудай келүүсүн камсыз кылуу үчүн колду төмөнүрөөк түшүрүңүз. |













– эгерде вена көрүнбөсө, анда венепункция үчүн экинчи колдун венанасын же кол манжаларындагы веналарды пайдаланууга болот.

7. Жгутту вена тешилген жерден 7-10 см жогору коюу маанилүү! Эч качан жгутту бир же бир жарым мүнөткө калтырбаңыздар.

8. Венепункция өткөрүлгөн жерди спирт сиңирилген салфетка менен так ортосунан баштап четтерин көздөй айландыра сүртүңүз.

9. Венепункция өткөрүлгөн жер кургагыча бир нече секунд күтө туруңуз.

10.Баш бармагыңыз менен венаны басып, терини тартуу үчүн бейтаптын колун бекем кармаңыз жана венаны аныктап алыңыз. Баш бармагыңыз венага жасалган тешиктен 3-5 см төмөн туруусу зарыл. Маанилүү! Тазалап алгандан кийин тешилген жерди кармалаганга болбойт.

11. Ийнени алып, резина клапан менен жабылган жагындагы коргоочу калпакчаны алып салыңыз (1-сүрөт). Ийнени ийне кармоочко коюп, бекем бураңыз (2-сүрөт).

12. Ийненин экинчи тарабындагы коргоочу калпакчаны алып салыңыз.

13. Ийнени венага теринин бетине болжол менен 15 градус бурчта жайгаштырыңыз (3-сүрөт) жана венага этияттык менен киргизиңиз (4-сүрөт).

14. Алдын ала даярдалып алынган пробирканы ийнеге түртүп киргизип, кан пробиркага келбей калгыча кармап туруңуз. Мындай шартта ийне резина мембрананы жана пробирканын капкагындагы резина сайгычты тешип өтөт.

15. Кан пробиркада пайда болгон вакуумдун ордун толтурмайынча пробиркага өтөт (Эгер кан чыкпаса — бул ийне венадан өткөнүн же

| | |
|---|---|
| | венанын бетине тийгенин билдирет — бул учурда ийнени бир аз артка тартуу зарыл, бирок аны кан пробиркага барганга чейин сууруп алып салбоо керек) (5-сүрөт). Толуу деңгээлин визуалдык көзөмөлдөө үчүн этикеткада энбелги бар. Вакуумдук пробиркалар зарыл белгиге чейин өз алдынча толтурулат.<br>16. Пробиркага кан келип баштаар замат жгутту бошотуңуз же алып салыңыз.<br>17. Пробиркага кан келбей калгандан кийин, баш бармагыңызды кармагычтын алкагына коюп, аны кармагычтан чыгарыңыз.<br>18. Кургак, стерилдешкен салфетканы венеопункция өткөрүлгөн жерге коюп, венадагы ийнени жогору көздөй жантайткан боюнча шашпай сууруп алыңыз жана кан акпай калгыча ийне кирген жерди салфетка менен басып туруңуз.<br>19. Колдонулган ийнени, ийне кармагычты кесип туруп, биологиялык коопсуз контейнерге жайгаштырыңыз.<br>20. Кан алгандан кийин дароо реагент менен кандын толук аралашуусун камсыз кылуу үчүн түтүктөрдү 5-10 жолу этияттык менен айландырыңыз. Толтурулган пробирканы капкагын ылдый каратып айландырыңыз да, кайра баштагы абалына алып келиңиз. Бул бир жолу толук айландыруу болуп саналат. Эсиңиздерде болсун! Пробиркаларды чайкаганга болбойт. Мындай шартта аралашуу кандын көбүрүүсүнө же гемолизге алып келүүсу ыктымал.<br>21. Бейтаптын аты-жөнүн, туулган жылын жана катар номурун жазыңыз.<br>22. Пробирканы штативге отургузуңуз. |

| | |
| --- | --- |
| | 23. Кансыроо токтогондугуна ынанган соң кагаз майлыктын үстүнө бактерициддик пластыр коюңуздар. Бейтапка эң болбоду дегенде пластырды 15 мүнөткө калтырууну сунуштаңыз (бирок 2 сааттан ашпагыдай болсун).<br>24. Кан болгон материалдарды (кагаз майлыктарды, кол мээлейлерди ж.б.) сырдалган чакага же биологиялык коопсуз желим контейнерге жайгаштырыңыздар.<br>25. Жумушчу орунду дезинфекциялаңыз.<br>26. Колдорду жууп-тазалоо стандарттарына ылайык тазалаңыздар. |
| **Процедуранын аякташы:** | 1. Бланкка бейтаптын аты жөнүн, кан үлгүсү алынган күндү, убакыт-сааттын жазып лабораторияга глюкоза өлчөмүн аныктоо үчүн жөнөтүү. Бул үчүн аны атайын контейнерге горизонталдуу абалда жайгаштыруу зарыл.<br>2. Гликолиздин жана туура эмес жыйынтыктардын чыгуусун алдын алуу үчүн глюкоза концентрациясын аныктоо дароо кан алынгандан кийин жүргүзүлөт, же алынган кийин дароо кан центрифугаланат, же 0–4°C температурада сакталат, же консерванты бар (натрий фториди) пробиркага алынат. |




## Өзгөрүүлөрдү каттоо баракчасы

| № | Бөлүмдүн, өзгөртүү киргизилген стандарт пунктунун № | Өзгөртүүлөр киргизилген күн | Өзгөртүү киргизген адамдын аты жөнү |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |